КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

**МЫЙЗАМ**

---

# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН ДОКТОРАНТУРА ПРОГРАММАСЫ БОЮНЧА ЧЕТ ӨЛКӨДӨ ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨЧҮЛҮК ПРАКТИКАНЫ ИШКЕ АШЫРУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

**Максаты:**

**1-берене:** Бул жобонун максаты - Кыргыз-Түрк “Манас” университетине караштуу институттарда докторантура программалары боюнча милдеттүү түрдө чет өлкөдө илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтүүгө байланыштуу жол-жоболорду аныктоо.

**Мазмуну:**

**2-берене:** Бул жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетине караштуу институттарда докторантура программалары боюнча милдеттүү түрдө чет өлкөдө илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтүүгө байланыштуу жол-жоболорду камтыйт.

**Укуктук негиздеме:**

**3-берене:** Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин докторантура программасын ишке ашыруу жөнүндөгү жобосунун 7-, 8- жана 17-беренелеринин негизинде даярдалган.

**Аныктамалар:**

**4-берене:** Бул жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

- **Университет:** Кыргыз-Түрк “Манас” университети;
- **Камкорчулар кеңеши:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Камкорчулар кеңеши;
- **Ректор:** Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Ректору;
- **Институт**: Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларын жүзөгө ашырган институт;
- **Институттун илимий тармагы:** Институтта ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары ачылган илимий тармак;
- **Куратор:** Институтка катталган студенттерге сабак окуу жана диссертация жазуу боюнча багыт берүү үчүн дайындалган окутуучу;
- **Чет өлкөдө илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтүү:** Докторантура программасы боюнча чет өлкөдөгү илимий-изилдөөчүлүк практикасы.

**Илимий-изилдөөчүлүк практиканын аныктамасы, убактысы жана мөөнөтү:**

**5-берене: (1) Чет өлкөдөгү илимий-изилдөөчүлүк практика – бул докторанттын чет өлкөдөгү** ЖОЖдордо, илимий лабораторияларда, илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштерди жүргүзгөн уюмдарда, музейлерде, китепканаларда ж.б.у.с. жайларда диссертациялык ишине байланыштуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, билимин жана тажрыйбасын өркүндөтүүгө багытталган иш-чаралары.

**(2)** Диссертациянын план-проспектиси кабыл алынган студент максималдуу мөөнөттүн бүтүшүнө бир семестр калганда **чет өлкөдө илимий-изилдөөчүлүк практикадан** өтүшү керек;

**(3)** Илимий-изилдөөчүлүк практиканын мөөнөтү – бир ай. Бирок бул мөөнөт докторанттын каалосу жана кураторлорунун макулдугу менен узартылышы мүмкүн;

**(4)** Өз мөөнөтүндө чет өлкөдө илимий изилдөөчүлүк практикадан өтпөгөн же аны бүтүрө албаган же болбосо ийгиликтүү тапшыра албаган студент институттан чыгарылат.

**Илимий-изилдөөчүлүк практика өтө турган жердин аныкталышы жана докторантка жардам берүү:**

**6-берене: (1)** Илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтө турган жерди докторант өзү аныктайт. Студент чет өлкөдө илимий изилдөөчүлүк практикадан өтө турган жерден кабыл же чакыруу жазуусун алганда, бул жердин ылайыктуу болуп-болбогону тууралуу чечимди институттун мүдүрүнүн орун басарынан, тийиштүү

илимий тармактын жетекчисинен жана куратордо турган комиссия кабыл алат;

**(2)** Илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтө турган жери кабыл алынган студент паспорттун көчүрмөсүн жана арызын институттун мүдүрлүгүнө тапшырат;

**(3)** Чет өлкөдө илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтүү боюнча арызы кабыл алынган студенттин эки тараптуу учак билети институттун башкаруу кеңешинин сунушу боюнча университеттин башкаруу кеңешинин чечиминин негизинде университет тарабынан каржыланат;

**(4)** Стипендия алып окуган студентке практика учурунда да стипендия берилет.

**Илимий-изилдөөчүлүк практика өтүү жана аны баалоо:**

**7-берене: (1)** Докторант илимий-изилдөө иштерин практикадан өткөн мекеменин лабораториясында, устаканасында, өндүрүштүк борборунда жана китепканасында жүргүзө алат. Практика учурунда өзүнүн адистиги боюнча илимий изилдөө, семинар, симпозиум ж.б. иш-чараларга, ошондой эле өзүнүн өнүгүшүнө салым кошо турган сабактарга, жайкы мектептин сабактарына жана тил курстарына катыша алат;

**(2)** Докторант илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтүү учурунда жасаган бардык иштерин *"Чет өлкөдө илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтүү тууралуу отчетко"* жазат жана ага түзүмдүн жетекчисинин колун койдурат;

**(3)** Докторант илимий-изилдөөчүлүк практикадан өткөндөн кийин бир айдын ичинде институттун мүдүрлүгүнө тийиштүү отчетун тапшырат.

**Башка жагдайлар:**

**8-берене: (1) Илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтүү үчүн чет өлкөгө кетип, кайра кайтып келбеген студент Кыргыз-Түрк "Манас" университети тарабынан сатып алынган билеттин баасын 20%дан ашыгы менен төлөйт.**

**(2)** Илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтүү учурунда студент келтирген зыяндар үчүн Кыргыз-Түрк "Манас" университети жооптуу эмес.

**(3)** Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Студенттердин тартиби боюнча нускамасы илимий-изилдөөчүлүк практикадан өтүү учурунда да күчүндө болот.

**Күчүнө кириши:**

**9-берене:** Бул жобо Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Аткарылышы:**

**10-берене:** Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Ректору тарабынан ишке ашырылат.

*Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Камкорчулар кеңешинин 2022-жылдын 28-декабрындагы №2022-01/16-чечими менен кабыл алынды.*

*Бул жобо Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2022-жылдын 10-ноябрындагы №2022-19.80 (с)-чечими менен Камкорчулар кеңешинин бекитүүсүнө сунуштоо максатында кабыл алынды.*